- чет мамлекеттердин, чет өлкөлүк мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана ишканалардын, башка чет өлкөлүк юридикалык жактардын, алардын бөлүмдөрүнүн жана өкүлчүлүктөрүнүн, катышуучусу чет өлкөлүк жарандар жана юридикалык жактар болуп саналган чет өлкөлүк жарандардын, эл аралык уюмдардын Кыргыз Республикасында катталган юридикалык жактарынын;

- жарандыгы жок адамдардын;

- мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын;

- мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жана ишканалардын;

- уставдык капиталында мамлекеттик же муниципалдык үлүш бар, ошондой эле салыктар, жыйымдар жана башка милдеттүү төлөмдөр боюнча жеңилдиктерден пайдаланган юридикалык жактардын;

- аскер бөлүктөрүнүн, аскердик мекемелердин жана уюмдардын;

- укук коргоо органдарынын, соттордун;

- кайрымдуулук менен алектенген уюмдардын;

- диний уюмдардын;

- атын атабай кайрымдуулук кылуучулардын.

Атын атабай кайрымдуулук кылуучу дегенде, төмөнкү жаран түшүнүлөт, эгерде ал төмөнкү маалыматтардын кайсынысын болбосун көрсөтпөй койсо: фамилиясын, атын, атасынын атын, жашаган жеринин дарегин, паспорттук маалыматтарын, ошондой эле ал тарабынан өзү жөнүндө анык эмес маалыматтар көрсөтүлсө.

3.2. Шайлоо фондуна мамлекеттик бюджеттин же Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдында карызы бар юридикалык жактардын, юридикалык жак түзбөстөн ишкердикти жүзөгө ашыруучу жеке жактардын акча каражаттарын кошууларына тыюу салынат. Көрсөтүлгөн юридикалык жана жеке жактар шайлоо фондуна акча каражаттарын которгон учурда талапкер, саясий партия жоопкерчилик тартпайт. Эгерде талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна жогоруда көрсөтүлгөн жеке жана юридикалык жактар которгон акча каражаттары келип түшкөн учурда, соттун чечими боюнча банк же башка мекемелер, ал каражаттарды Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын фондуна которууга милдеттүү, ал өз кезегинде бул каражаттарды мамлекеттик бюджетке же Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна которот.

4. Атайын эсептерди ачуунун тартиби

4.1. Шайлоо фондун түзүү үчүн талапкер, саясий партия атайын эсеп ачууга документтерди тариздөө тууралуу 1-форма боюнча арыз менен тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына кайрылат.

4.2. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынан атайын эсеп ачууга жазуу жүзүндөгү 2-форма боюнча уруксат алгандан кийин айылдык кеңешке талапкерлер, айылдык кеңешке талапкерлерди көрсөткөн, же болбосо шаардык кеңешке талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия шайлоо фондун түзүү үчүн атайын эсеп ачат.

4.3. Банк мекемелери тарабынан талапкердин, саясий партиянын атайын эсепти ачуу банкка төмөнкүлөр берилгенден кийин токтоосуз жүзөгө ашырылат:

- № 1 форма боюнча эсепти ачуу тууралуу талапкердин, саясий партиянын арызы;

- № 2 форма боюнча шайлоо комиссиясынын жазуу жүзүндөгү уруксаты;

- финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн паспорту;

- партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүн каттоо жөнүндө аймактык шайлоо комиссиясынын чечиминин көчүрмөсү;

- саясий партиянын же партиянын региондук (аймактык) бөлүмүнүн мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн, саясий партиянын региондук (аймактык) бөлүмүнүн Уставынын же Жобосунун көчүрмөсү. (Көрсөтүлгөн документтерди өзүн өзү көрсөткөндөр бербейт);

- № 8 формасы боюнча саясий партиянын же региондук бөлүмүнүн мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн кол коюулардын үлгүлөрү менен картачалар.

4.4. Талапкер, саясий партия атайын эсеп ачылган күндөн тартып үч күндүк мөөнөттө, № 3 форма боюнча өзүнүн шайлоо фондунун эсебинин маалым-дарегин аймактык шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.

4.5. Талапкер, саясий партия өзүнүн шайлоо фондун түзүү үчүн бир гана атайын эсепти ачууга укугу бар. Мында айылдык кеңештерге талапкерлерди көрсөткөн саясий партия, айылдык кеңешке ар бир талапкер үчүн чыгымдардын жана келип түшүүлөрдүн белгиленген чектик суммасына талаптарды сактоого тийиш.

4.6. Эсепти тейлөөнүн бардык шарттары банктык эсепти тейлөөгө келишимде чагылдырылыш керек.

4.7. Эсепти ачуу боюнча банктын кызмат көрсөтүүсү үчүн акы алынбайт. Атайын шайлоо эсебинде турган акча каражаттарын пайдаланганы үчүн банкка үстөк пайыздар төлөнбөйт.

5. Акча каражаттарын шайлоо фонддоруна которуу

5.1. Шайлоо фондун түзгөн талапкердин, саясий партиянын өздүк каражаттары жана жарандардын жана юридикалык жакттардын ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттары банк же башка мекеменин атайын эсебине которулат. Шайлоо фондуларына түшкөн акча каражатар улуттук валютада кабыл алынат. Көрсөтүлгөн эсептер боюнча кирешелер кошуп эсептелбейт жана төлөнбөйт.

5.2. Тиешелүү шайлоо фондуна жеке адамдардан келип түшүүчү ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрү банк мекемеси тарабынан Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун көрсөтүү боюнча гана кабыл алынат. Төлөм документтеринде кайрымдуулук берүүчүнүн фамилиясы, аты жана атасынын аты, туулган датасы, жашаган (катталган) жеринин дареги, паспорттун сериясы жана номуру көрсөтүлөт, алар банк кызматкери тарабынан паспорттун маалыматтары менен салыштырылат. Акчаны накталай төгүү дүмүрчөктөрүндө кайрымдуулук берүүчүнүн толук маалыматтары "төлөмдүн арналышы" графасында көрсөтүлөт. Акча каражаттарын алган банктан көрсөтүлгөн каражаттарды шайлоо фонду турган банкка которууда төлөм тапшырмасында кайрымдуулук берүүчү жөнүндө маалыматтар толук көрсөтүлүшү керек.

5.3. Шайлоо фондуна юридикалык жактардан келип түшүүчү ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөр банк мекемеси тарабынан, тийиштүү салык инспекциясынан жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бөлүмүнөн бюджет алдында карызы жоктугу тууралуу маалымкатты көрсөтүү боюнча гана кабыл алынат. Юридикалык жактардын төлөм документтериндеги "төлөмдүн арналышы" графасында төмөнкү маалыматтар камтылышы керек - салык төлөөчүнүн идентификациялык номуру, юридикалык жактын толук аталышы, жайгашкан жеринин дареги.

6. Шайлоо фонддорунун каражаттарын эсепке алынышы жана чыгымдалышы

6.1. Шайлоо фонддорунун каражаттары максаттуу багытка ээ. Алар шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланышкан чыгымдарды жабууга гана пайдаланылышы мүмкүн. Шайлоо фонддорунун каражаттары төмөнкүлөргө гана пайдаланылат:

1) шайлоо алдындагы үгүткө багытталган уюштуруу-техникалык чараларды финансылык камсыз кылууга;

2) ушул Мыйзамда белгиленген өлчөмдө шайлоо күрөөсүн төлөөгө;

3) шайлоо өнөктүгүн өткөрүү менен түздөн-түз байланышкан иштерди аткаргандыгы, кызмат көрсөткөндүгү үчүн төлөөгө, атап айтканда:

а) маалыматтык жана консультативдик мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөргө;

б) үгүт материалдарын чыгарууга жана жайылтууга;

в) жайлардын, жабдуулардын ижарасына;

г) транспорттук жана иш-сапардык чыгымдарды жабууга;

д) байланыш кызматтарына;

е) кеңсе товарларын, жабдууларды сатып алууга;

ж) жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяларды жарыялоого жана талапкердин чыгып сүйлөөсүнө;

з) шайлоо алдындагы чогулуштарды өткөрүүгө, шайлоочулар менен жолугушууга;

и) товарларды жеткирип берүүгө.

6.2. Талапкер, саясий партия добуш берүү күнүнө чейин жарандар жана юридикалык жактар берген кайрымдуулуктарды пайдаланууга укугуна ээ. Шайлоо фондуна келип түшкөн каражаттардан тышкары, башка акча каражаттарын жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө төлөө, шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү, башка шайлоо алдындагы иш чараларды жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланууга тыюу салынат.

6.3. Талапкер, саясий партия, банк мекемесиндеги өзүнүн шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттарынын булактары жана көлөмдөрү тууралуу маалыматтар менен таанышууга укуктуу. Талапкер, саясий партия № 4 форма боюнча өзүнүн шайлоо фондундагы каражаттардын келип түшүүсүнүн жана чыгымдалышынын эсебин жүргүзүүгө милдеттүү.

6.4. Банк мекемелери Борбордук шайлоо комиссиясынын талабы боюнча - күн сайын 24 сааттын ичинде талапкер, саясий партия катталган аймактык шайлоо комиссиясына талапкердин, саясий партиянын атайын эсебинде турган каражаттардын келип түшүүлөрү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматтарды берип турууга милдеттүү. Көрсөтүлгөн маалыматтар келип түшкөнүнө жараша жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө жана банктык сыр жөнүндө мыйзамдарды эске алуу менен милдеттүү түрдө Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылуусу тийиш. Банк мекемелери шайлоо комиссиясына шайлоо саясий партиянын талапкеринин фондунун атайын эсептеги каражаттарынын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматтарды № 5 формасы боюнча беришет. Көрсөтүлгөн маалыматтар жетекчинин койгон колу жана банк мекемесинин мөөрү басылган кагазда берилет. Бул маалыматтарды берүү жөнүндө жоболор банк эсебин тейлөө келишимине кошулат.

6.5. Шайлоо фондунун каражаттарын чыгымдоо боюнча бардык финансылык операциялар шайлоо алдындагы күндөн алдыңкы күнү саат 18.00дө токтотулат.

6.6. Шайлоо фондунун каражаттарынан, көрсөтүлгөн фондго которулган кайрымдуулук берүүлөрүнөн, ошондой эле көрсөтүлгөн фонддон чыгымдоолордон салык алуунун тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленет.

7. Саясий партиялардын талапкерлеринин жарандар жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөрү

7.1. Талапкердин шайлоо өнөктүгү менен байланышкан белгилүү жумуштарды аткаруу жөнүндө (кызмат көрсөтүү жөнүндө) жарандар жана юридикалык жактар менен

келишимдер (макулдашуулар) талапкердин жеке өзү же болбосо анын ыйгарым укуктуу өкүлү, ал эми саясий партиялардын шайлоо өнөктүгү менен байланышкандар – саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү менен гана түзүлөт. Талапкердин, саясий партиялардын атайын эсептерине төлөөлөр боюнча келишимдер жана макулдашуулар добуш берүү күнүнүн алдыңкы күнүнөн кеч түзүлүшү мүмкүн эмес. Бардык каржылык аткарымдар, анын ичинде жеке жана юридикалык жактар менен атайын эсептер боюнча эсептешүүлөр шайлоо күнүнүн алдыңкы күнү саат 18де токтотулат. Саясий партиялардын жана юридикалык жактардын ортосунда белгилүү жумуштарды (кызмат көрсөтүүнү) аткарганы үчүн эсептешүүлөр которуу жолу менен гана жүзөгө ашырылат.

7.2. Жарандар жана юридикалык жактар тарабынан аткарылуучу акысы төлөнүүчү жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр жазуу жүзүндө жол-жоболонушу керек (келишим, эсеп-фактура, коштомо кагаздар, кабыл алуу-өткөрүү актысы). Келишимдер тараптардын маалым-даректерин, тапшырылган жумуштун көлөмү тууралуу маалыматтарды, анын наркын, жумуштардын түрлөрү боюнча бааларды (калькуляция, смета), төлөөнүн тартибин, жумуштарды аткаруу мөөнөттөрүн, тараптардын жоопкерчиликтерин жана башка маалыматтарды камтышы керек. Жарандарды жумуштарды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө тартуу жөнүндө келишимдер Кыргыз Республикасынын жашы жеткен гана жарандары менен түзүлүшү мүмкүн. Жумаштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн аткарылышы тапшырыкчы (финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүл) жана аткаруучу тарабынан кол коюлган аларды кабыл алуу актылары же коё берилген продукцияларга коштоочу документтер менен бышыкталышы керек.

7.3. Жарандар жана юридикалык жактар шайлоо алдындагы үгүт материалдарын өндүрүүгө, жайгаштырууга жана таратууга байланыштуу тапшырыктарды түзүүдө, мезгилдүү басма сөз редакциясына, телерадиоберүү уюмуна, үгүт продукцияларын чыгарууну жүзөгө ашыруучу ишканаларга финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн ушул жумуштарды (кызмат көрсөтүүлөрдү) 6-форма боюнча аткарууга жана шайлоо фондунан аларга төлөп берүүгө жазуу жүзүндөгү макулдугун көрсөтүшөт.

7.4. Шайлоо фондунун каражаттарынан алдын ала төлөөсүз эфирдик убакытты берүүгө жана басылма үгүт материалдарын даярдоого тыюу салынат.

7.5. Мезгилдүү басма сөз басылмаларына жайгаштырылган бардык материалдарда тиешелүү басма материалдарына төлөөлөр кайсыл талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунан жүргүзүлгөнү тууралуу маалыматтар жайгаштырылышы керек.

7.6. Жарандар жана юридикалык жактар шайлоо фонддору аркылуу гана финансылык (материалдык) колдоо көрсөтүүгө укуктуу. Материалдык баалуулуктарды убактылуу пайдаланууга берүү жолу менен шайлоо алдындагы иштерге материалдык колдоо көрсөтүүнү жүзөгө ашыруу тийиштүү келишимдер түзүлгөн жана шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен төлөнүп берилген шарттарда гана мүмкүн.

7.7. Юридикалык жактарга, алардын филиалдарына, өкүлчүлүктөрүнө, жеке жактарга шайлоолор менен түздөн-түз же кыйыр байланышкан жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү, товарларды сатып өткөрүүнү акысыз аткарууга же негизсиз төмөндөтүлгөн баалар боюнча аткарууга тыюу салынат.

8. Шайлоо күрөөсү

8.1. Талапкер, шаардык кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөткөн саясий партия каттоого чейин жана берилген документтерди текшерүүдөн кийин өз шайлоо фонддорунун каражаттарынан тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясынын атайын эсебине шайлоо күрөөсүн киргизет.

Шайлоо күрөөсү төмөндөгү өлчөмдө белгиленет:

1) Бишкек жана Ош шаардык кеңештери - мыйзамда белгиленген эсептик көрсөткүчтөн беш жүз эсе өлчөмүндө;

2) шаардык кеңештерге (Бишкек жана Ош шаарларын алып салганда) мыйзамда белгиленген эсептик көрсөткүчтөн эки жүз эсе өлчөмүндө;

3) айылдык кеңештерге – мыйзамда белгиленген эсептик көрсөткүчтөн он эсе өлчөмүндө.

8.2. Талапкер, саясий партия шайлоо күрөөсүн Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан көрсөтүлгөн маалым-даректер боюнча төгөт.

8.3. Шайлоо күрөөсү депутаттыкка талапкерлерге, депутаттыкка талапкерлердин тизмелерин көрсөткөн саясий партияларга төмөнкүдөй учурларда кайра кайтарылып берилет:

1) шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыяланган күндөн тартып 10 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү шайлоо комиссиясына өзүнүн фондун түзүүнүн булактарын, ошондой эле жүргүзүлгөн бардык сарптоолорунун өлчөмү жөнүндө отчетту берген шартта, добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 15 пайыздан кем эмесинин добушун алса;

2) эгерде тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынса;

3) шайлоо бюллетендеринин тексти жана формасы бекитилгенге чейин шайлоого андан ары катышуудан баш тартса.

8.4. Күрөөнүн калган суммасы республикалык бюджетке чегерилүүгө тийиш. Талапкерлердин жана саясий партиялардын шайлоо күрөөлөрүнөн түшкөн каражаттардын суммасы жөнүндө, талапкерлерге жана саясий партияларга кайтарылган шайлоо күрөөлөрдүн суммасы жана республикалык бюджетке чегерилген сумма жөнүндө маалыматтар Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жарыялануусуга тийиш.

9. Отчеттуулук

9.1. Талапкерлер, саясий партиялар аймактык шайлоо комиссиясына өзүнүн шайлоо фондунун көлөмү жана түзүүнүн бардык булактары, ошондой эле жүргүзүлгөн чыгымдар жөнүндө отчет берүүгө милдеттүү.

Отчет кагазда жана электрондук версияда (кол тамга жана мөөрү менен сканерленген көчүрмөсү) жана 7-форма боюнча электрондук сактагычта EXCEL форматында төмөнкүдөй тартипте берилет:

1) Биринчи финансылык отчет-аймактык шайлоо комиссиясына (шаардык кеңештердин шайлоолору боюнча) күрөөсү төгүлгөнүн бышыктоочу документтер, каттоо үчүн зарыл болгон башка документтер берилгендигин тастыктаганда.

2) Экинчи финансылык отчет (биринчи финансылык отчеттун маалыматтарын эске алуу менен) - добуш берүү күнүнө чейин 10 күн калгандан кечиктирилбестен.

3) Үчүнчү жыйынтыктоочу финансылык отчет (жыйынды маалыматтар) – добуш берүү күнүнөн кийин 10 күндөн кечиктирилбестен. Отчеттогу маалыматтар отчет берилген датанын алдындагы 3 күндөн көп эмес датага түзүлөт. Жыйынтык отчетко төмөнкүлөр тиркелет:

- шайлоо фондунун каражаттарынын келип түшүү булактары жана чыгымдалышы тууралуу маалыматтар (7-формага 1, 2-маалыматтар);

- акча каражаттарынын атайын эсепке келип түшүүсүн жана бул каражаттардын чыгымдалуусун бышыктоочу, кагаз жүзүндөгү баштапкы финансылык документтер (эсеп-

фактуралар, келишимдер, коштомо кагаздар, кабыл алуу-өткөрүү актылары, банктык көчүрмөлөр ж.б.).

9.2. Жыйынтыктоочу финансылык отчеттогу адепки финансылык документтер атайын эсептеринде финансылык операциялардын чагылдырылышына жараша хронологиялык ырааттуулукта берилиши керек. Мында негиз катары атайын шайлоо фондунан алынган жазма көчүрмөлөр алынат, аларга акча каражаттарын чегерүү же болбосо эсептен чыгаруу үчүн негиз катары кызмат кылган зарыл документтер тиркелет.

9.3. Жыйынтыктоочу финансылык отчет китепчеленген түрдө берилүүсү, жана тиркемени кошуп алганда беттери бири-бирине уланып номурлануусу тийиш. Шайлоо комиссиясынын суроо-талабы боюнча маселелер пайда болсо, талапкерлер ыйгарым укуктуу өкүлдөр жыйынтыктоочу финансылык отчетко жазуу жүзүндө түшүндүрмө беришет.

9.4. Финансылык отчетко (биринчи, экинчи, жыйынтыктоочу) талапкер жеке өзү жана финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү, саясий партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү кол коёт. Аймактык шайлоо комиссиясына жыйынтыктоочу финансылык отчетторду берүү кабыл алуу актылары менен жол-жоболоштурулат. Жыйынтыктоочу финансылык отчетту өткөргөнгө чейин калган бардык накталай каражаттар кайрымдуулук кылуучуларга кайтарылууга тийиш.

9.5. Атайын эсепте турган, сарпталбаган акча каражаттарынын калганы добуш берүү күнүнөн кийин талапкерге, саясий партияга кайтарылып берилет.

9.6. Талапкердин финансылык отчетун өткөрүү милдети жеке өзүнө, же болбосо финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлгө, саясий партияныкы – финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнө жүктөлөт.

Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун финансылык отчетторун бербеген же жарыялабаган жактар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

10. Финансылык тартипти бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

10.1. Шайлоо фондунун каражаттарын түзүүнүн жана пайдалануунун тартибин бузгандык, ушул Нускамада белгиленген отчеттуулуктарды өз убагында бербегендик жана финансылык отчеттордо камтылган маалыматтардын анык эместиги үчүн жоопкерчиликти талапкер, талапкердин, саясий партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү тартат.

10.2. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоодо, талапкер, саясий партия тарабынан шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттарынын жалпы суммасынын 0,5 пайызынан ашуун, же болбосо талапкердин, саясий партиянын өзүнүн шайлоо фондунан чыгымдары талапкердин, саясий партиянын бардык чыгымдарынын белгиленген четки суммасынан 0,5 пайыздан ашуун акча каражаттарын пайдаланган учурда Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерлерди, же талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгарууга укуктуу.

10.3. Тартип бузуу фактысын аныктоо максатында шайлоо комиссиялары көмөктөшүү үчүн мамлекеттик бийлик органдарына, укук коргоо органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, мекемелерге, уюмдарга, ишканаларга кайрылууга укуктуу.

**Тиркеме**
**№1 форма**

**Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо**

______________________________

аймактык шайлоо
комиссиясына

______________________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, саясий партиянын аталышы, региондук (аймактык) бөлүмдөр)

**Атайын шайлоо эсебин ачуу үчүн**
**арыз**

Шайлоо фондун түзүү үчүн ________________________________________________________

_____________________________________________________________________________

(банк мекемесинин аталышы, юридикалык дареги)

атайын эсеп ачууга документтерди жол-жоболоштурууга уруксат берүүнү суранабыз.

Шайлоо фондунун акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу адамдар:

_____________________________________________________________________________

(талапкердин, талапкердин/саясий партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты-жөнү)

Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндө мыйзамдары жана Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын токтому менен бекитилген "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо талапкерлердин, саясий партиянын шайлоо фондунун акчалай каражаттарын түзүүнүн, келип түшүүсүн жана чыгымдалуусун эсепке алуунун тартиби жөнүндө"

_______________________________________________________ ________________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү , саясий партиянын жетекчисинин фамилиясы, аты-жөнү региондук (аймактык) бөлүмдө) (кол тамга)

М.О.

_______________________________________________________ ________________________

(талапкердин, талапкердин/саясий партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамга)

«___» _____________20____ж.

**№2форма**

**Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо**

____________________________________

(банк мекемесинин аталышы)

**Атайын шайлоо эсебин ачуу жөнүндө**

“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 8-пунктуна ылайык

__________________________________________________________________

(аймактык шайлоо комиссиясынын аталышы)

Аймактык шайлоо комиссиясы шайлоо фондун түзүү үчүн атайын шайлоо эсебин ачууга уруксат берет.

____________________________________________________________________________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү , саясий партиянын аталышы региондук (аймактык) бөлүмдөр)

Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу адамдар;

____________________________________________________________________________________

(талапкердин, талапкердин/саясий партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты-жөнү)

______________________________________________________ ________________________

(аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамга

«___» _____________20____ж.

М.О.

**№3 форма**

**Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо**

________________________________

аймактык шайлоо
комиссиясына

_______________________________

(талапкердин фамилиясы, аты-
жөнү, саясий партиянын
аталышы региондук
(аймактык) бөлүмдөр)

**Банк мекемесиндеги атайын эсептин реквизиттери тууралуу**

Шайлоо алдындагы өнөктөрдү жүргүзүү үчүн

________________________________________________________________________

(банк мекемесинин аталышы)

№ ___________________________________________________ атайын шайлоо эсеби ачылганын билдирет.

________________________________________ ____________________

(кол тамга)

(талапкердин, талапкердин/саясий партиянын
финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу
өкүлүнүн фамилиясы, аты-жөнү)

"___" _________________ 20___ж.

**№ 4 форма**

## Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо

### Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна акча каражаттарынын келип түшүүсү жана чыгымдалышы

______________________________________________________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, саясий партиянын аталышы региондук (аймактык) бөлүмдөр)

______________________________________________________

( шайлоо эсебинин маалымат-даректери)

### 1. Шайлоо фондуна келип түшкөн каражаттар

| Каражаттын эсепке которулган датасы | Келип түшүү булагы | Финансылык эсептин сабынын шифри | Келип түшкөн каражаттардын суммасы (сом) | Каражаттын түшкөнүн бышыктаган документ | Белгиленген тартипти бузуу менен келип түшкөн жана кайтарылууга жаткан каражаттар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| Баары | | | | | |

### 2. Шайлоо фондунун каражаттарынан кайрылып берилди, бюджетке чегерилди

| Каражаттын эсепке чегерилген күнү | Эсептен каражаттарды кайтарып берүү (которуу) датасы | Каражаттардын келип түшкөн булагы | Финансылык эсептин сабынын шифри | Кайрылган, бюджетке которулган каражаттар (сомдо) | Кайтаруунун (которуунун) негизи | Каражаттардын чыгымдалганын бышыктоочу документ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| Баары | | | | | | |

## 3. Шайлоо фондунун каражаттарынан чыгымдалды

| Чыгымдалган операциянын датасы | Каражат кимге которулган | Финансылык эсептин сабынын шифри | Суммасы (сом менен) | Чыгымдын түрлөрү | Чыгымды бышыктоочу документ | Акча каражаттарын которуу үчүн негиз | Фондго которулган каражаттардан жаңылыш которулган, пайдаланылбаган сумма | Иш жүзүндө чыгымдалган каражаттардын суммасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | |
| Баары | | | | | | | | |

_______________________________________________ ________________________

(талапкердин, талапкердин/саясий партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты-жөнү)

(кол тамга)

"___" _________________ 20___ ж.

**№5 форма**

**Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо**

**Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун атайын эсебинде турган акча каражаттарынын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө**
**МААЛЫМАТТАР**

(банк мекемелери аркылуу берилет)

___________________________________________________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, саясий партиянын аталышы региондук (аймактык) бөлүмдөр)

___________________________________________________________

___________________________________________________________

( атайын шайлоо эсебинин маалымат-даректери)

20__-жылдын "___" _________________ тартып 20___-жылдын "___" _________________ чейинки мезгилде келип түшкөн каражаттар.

| Каражаттын эсептешүү эсебине чегерилген датасы | Келип түшүү булагы (жеке адамдын фамилиясы же уюмдун аталышы) | Каражатты которууну жүзөгө ашырган уюмду же жеке адамды идентификациялоочу маалымат-даректер | Сумма, сом | Келип түшүүлөрдүн түрү | Каражаттын келип түшкөнүн бышыктоочу документ |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | **Баары** | | |

20__-жылдын "___" _________________ тартып 20__-жылдын "___" _________________ чейинки мезгилде иштетилген каражаттар.

| Эсеп жүргүзүүчү эсептен чыгымдоо операциясынын датасы | Алуучу (юридикалык жактын аталышы/ жеке жактын фамилиясы, аты-жөнү) | Төлөмдүн багытталышы | Сумма, сом | Чыгшымдоонун үрү | Каражатты чыгымдоону тастыктаган документ |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | **Баары** | | |

_____________________________________________ _____________________

(банктын башкармасынын фамилиясы, аты-жөнү, кызмат орду) (кол тамга)

"___" _________________ 20__ ж.

**№ 6 форма**

## Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо

**Талапкердин, саясий партиянын макулдугунун**
**БЫШЫКТАМАСЫ**

______________________________________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, саясий партиянын/региондук (аймактык) бөлүмүнүн аталышы)

______________________________________________

(талапкердин же финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн фамилиясы, аты-жөнү)

______________________________________________

(атайын шайлоо эсебинин маалымат-даректери)

20__-жылдын "___" ________________№ _________________ келишимине ылайык төмөнкү жумуштарды аткарууга (товарларды сатып алууга, кызмат көрсөтүү), ошондой эле басылма үгүт материалдарын таратууга макулдук берет

______________________________________________

(жарандын фамилиясы, аты-жөнү, уюмдун аталышы)

______________________________________________ ________________

(кол тамга)

(талапкердин, талапкердин/саясий партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты-жөнү)

"___" ________________ 20__-ж.

**№ 7-форма**

## ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ

_______________________________________________

биринчи, экинчи, жыйынтыктоочу (бириктирилген маалымдоолор)

# Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна каражаттардын келип түшүүсү жана чыгымдалышы

20__-жылдын "___" _________________ тартып 20__-жылдын "___" _________________ чейинки мезгилде.

______________________________________________________________________________________________

**(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, саясий партиянын/региондук (аймактык) бөлүмүнүн аталышы)**

____________________________________________________________

(атайын шайлоо эсебинин маалымат-даректери)

| № к/н | Каражаттын келип түшкөн булагы жана чыгымдардын түрлөрү | Саптын коду | Сумма, сом | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| **1** | **Отчеттук мезгилдин башталышындгы калдыктар** | **010** | | |
| **2** | **Шайлоо фондуна келип түшкөн каражат, анын ичинде** | **020** | | |
| | **баары:** | | | |
| 2.1 | ***Белгиленген тартипте кпелип түшкөнү, анын ичинде*** | 030 | | |
| 2.1.1 | Талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкердин өздүе каражаты | 040 | | |
| 2.1.2 | Саясий партиянын өздүк каражаты | 050 | | |
| 2.1.3 | Юридикалык жактын ыктыярдуу кайрымдуулук жардамы | 060 | | |
| 2.1.4 | Жеке жактын ыктыярдуу кайрымдуулук жардамы | 070 | | |
| 2.2 | ***«Жергиликтүү кеңештердин депутуттарын шайлоо жөнүндө» КР мыйзамынын 15-беренеснинин 4,5-пункттарын бузуу менен келип түшкөндөр , анын ичинде:*** | 080 | | |
| 2.2.1 | Юридикалык жактардан | 090 | | |
| 2.2.2 | Жеке жактардан | 100 | | |
| 2.3 | ***Келип түшкөн суммалардын шайлоо күрөөсү катары кайтарылгандар*** | 105 | | |
| 2.4 | ***Мыйзамдарда тыюу салынбаган башка келип түшүүлөр*** | 110 | | |
| **3** | **Кайтарылган акча каражаттары, анын ичинде** | **120** | | |
| | баары | | | |
| 3.1 | ***Республикалык бюджеттин кирешесине чегерилендер*** | 130 | | |

| № к/н | Каражаттын келип түшкөн булагы жана чыгымдардын түрлөрү | Саптын коду | Сумма, сом | Эсертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 3.2 | ***Кайрымдуулук жардам бергендерге кайтарылганы, анын ичинде*** | 140 | | |
| | баары | | | |
| 3.2.1 | *Кайрымдуулук жардам берүүгө тыюу салынган юридикалык жакка же болбосо төлөм документтеринде милдеттүү маалыматтарды көрсөтпөгөндөргө* | 150 | | |
| 3.2.2 | *Кайрымдуулук жардам берүүгө тыюу салынган жеке жакка же болбосо төлөм документтеринде милдеттүү маалыматтарды көрсөтпөгөндөргө* | 160 | | |
| 3.3 | ***Кайрымдуулук жардам берүүнүн чектик өлчөмүнөн ашкан каражаттар*** | 170 | | |
| **4** | **Шайлоо фондусунан чыгымдалган каражаттар, анын ичинде** | **180** | | |
| | баары | | | |
| 4.1 | ***Шайлоо алдындагы үгүт иштерине багытталган уюштуруу-техникалык чараларды финансылык камсыз кылуу, анын ичинде*** | 190 | | |
| | баары | | | |
| 4.1.1 | *Телерадио уктуруу уюмдары аркылуу шайлоо алдындагы үгүттөргө* | 200 | | |
| 4.1.2 | *Мезгилдүү масма сөз редакциялары аркылуу шайлоо алдындагы үгүттөргө* | 210 | | |
| 4.2 | ***Шайлоо күрөөсүн төлөөгө*** | 220 | | |
| 4.3 | ***Шайлоо кампанияларын өткөрүүгө түздөн түз байланышкан иштерди аткарууга, кызмат көрсөтүүгө акы төлөөлөр, анын ичинде*** | 230 | | |
| | баары | | | |
| 4.3.1 | *Маалыматтык жана консультациялык мүнөздөгү кызмат көрсөтүүгө* | 240 | | |
| 4.3.2 | *Үгүт материалдарын чыгарууга жана жайылтууга, анын ичинде* | 250 | | |
| | баары | | | |
| 4.3.2.1 | Көрүүсү боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулар үчүн үгүт материалдарын чыгарууга (1 пайыздан кем эмес) | 260 | | |
| 4.3.3 | *Орун-жайларды, жабдууларды ижарага алуу* | 270 | | |
| 4.3.4 | *Транспорттук жана иш сапарлары үчүн чыгымдарга төлөп берүү* | 280 | | |
| 4.3.5 | *Байланыш кызматтары* | 290 | | |
| 4.3.6 | *Кеңсе товарларын, жабдууларын сатып алуу* | 300 | | |
| 4.3.7 | *Кулактандырууларды жарыялоо жана жалпыга маалымдоо каражаттарында талапкерлердин чыгып сүйлөөлөрү* | 310 | | |

| № к/н | Каражаттын келип түшкөн булагы жана чыгымдардын түрлөрү | Саптын коду | Сумма, сом | Эсертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 4.3.8 | *Шайлоо алдындагы чогулуштарды өткөрүү, шайлоочулар менен жолугушуу* | 320 | | |
| 4.3.9 | *Товарларды берип туруу* | 330 | | |
| 4.4 | ***Шайлоо алдындагы кампанияларга түздөн түз байланышкан башка чыгымдарга төлөө*** | 340 | | |
| | Анын ичинде | | | |
| 4.4.1 | *Салыктык чегерүүлөр жана социалдык милдеттенмелер* | 360 | | |
| 4.4.2 | *Мыйзамдарда тыюу салынбаган башка чыгымдар* | 370 | | |
| **5** | **Отчеттук мезгилдин соңундагы калдык** | 380 | | |

**Ушул финансылык отчетто көрсөтүлгөн маалыматтардын тууралыгын бышыктаймын, шайлоо фондунан тышкары шайлоо өнөктүгүн уюштурууга жана өткөрүүгө башка акча каражаттары тартылган эмес.**

_______________________________________________ _____________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, (кол тамга)
саясий партиянын/региондук (аймактык) бөлүмүнүн аталышы)

М.О.

_______________________________________________ _____________________

(финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамга)

"___" _________________ 20__ ж.

**№ 7 формага 1-маалымат**

**«___» ______________20__ жылдан «___» ________________20___жылдын аралыгында талапкердин/саясий партиянын шайлоо фондуна келип түшкөн кайрымдуулук жардамдар жөнүндө**

**МААЛЫМАТ**

______________________________________________________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, саясий партиянын/региондук (аймактык) бөлүмүнүн аталышы)

| № к/н | Юридикалык жактын тоук аталышы | ИНН / жайгашкан деринин дареги | Келип түшкөн кайрымдуулук жардамардынын суммасы | |
|---|---|---|---|---|
| | | | баары, сом | алардын ичинде: *«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 15-беренсинин 4,5-пункттарын бузуу менен, сом* |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |
| | **БААРЫ** | | | |

| № к/н | Жеке жактын фамилия, аты-жөнү | ИНН / жайгашкан деринин дареги | Келип түшкөн кайрымдуулук жардамардынын суммасы | |
|---|---|---|---|---|
| | | | баары, сом | алардын ичинде: *«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 15-беренсинин 4,5-пункттарын бузуу менен, сом* |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |
| | **БААРЫ** | | | |

**Талапкердин/саясий партиянын шайлоо фондуна келип түшкөн кайрымдуулук жардамдар жөнүндө ушул маалыматта көрсөтүлгөн маалыматтардын тууралыган тастыктаймын, шайлоо фондуна тышкары шайлоо кампаниясын уюштурууга жана өткөрүүгө башка акча каражаттары тартылган эмес.**

______________________________________________ ____________________

(талапкердин, талапкердин/саясий партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

"___" ________________ 20__ ж.

**№ 7 формага 2-маалымат**

**«___» ______________20__ жылдан «___» ________________20___жылдын аралыгында**
**«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын беренелерин бузуу менен келип түшкөн юридикалык жана жеке жактардын кайрымдуулук жардамдарын кайтаруу жөнүндө**
**МААЛЫМАТ**

___________________________________________________________________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, саясий партиянын/региондук (аймактык) бөлүмүнүн аталышы)

| № к/н | Акча каржаттарынын, башка мүлктүн келип түшкөн датасы | Юридикалык жактын толук аталышы (Жеке жактын фамилиясы, аты-жөнү) | ИНН / Юридикалык жактын дареги /Жеке жактын дареги | Кайтраып берүүнүн негиздери* | Кайтарып берилегн дата (республикалык бюджетин кирешесине чегерүү) | Кайрымдуулук жардамдарын бергендерге кайра кайтаруу, сом | Республикалык бюджетин кирешесине чегерүү, сом |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | **Баары** | | |

* «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын тийиштүү беренелери, пункттары, пункттчалары көрсөтүлөт, ага ылайык кайрымдуулук жардамдарын кайтаруу жүргүзүлөт.

**Юридикалы жана жеке жактар тарабынан талапкердин/саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарын чыгымдоо боюнча финансылык операцияларды**

**ЧЕЧМЕЛӨӨ**

| № к/н | Опперациялар аяктаган дата | Юридикалык жактын толук аталышы (Жеке жактын фамилиясы, аты-жөнү) | ИНН | Финасылык отчеттун сабынын коду | Операциянын мазмуну | Сумма, сом |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | **Баары** | |

**Талапкердин/саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарын кайтарып берүү жана чыгымдоо жөнүндө ушул маалыматта көрсөтүлгөн маалыматтардын тууралыган тастыктаймын, шайлоо фондуна тышкары шайлоо кампаниясын уюштурууга жана өткөрүүгө башка акча каражаттары тартылган эмес.**

_____________________________________________

(талапкердин, талапкердин/саясий партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамгасы)

"___" _________________ 20__ ж.

**№ 8 форма**
бет жагы

**кол тамганын үлгүсү менен**

**КАРТОЧКА**

Атайын эсептин ээси

_______________________________________________________________________________

_____________________________________________________________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, саясий партиянын/региондук (аймактык) бөлүмүнүн аталышы)

_______________________________________________________________________________

(жетекчинин фамилиясы, аты-жөнү)

_______________________________________________________________________________

(орун алган жери, байланыш маалыматтары)

_______________________________________________________________________________

Банк мекемесинин аталышы

_______________________________________________________________________________

Банк мекемесинин орун алган жери

Кол тамгалардын үлгүлөрүн пайдаланууга уруксат
Башкы бухгалтер (же анын орун басары) ______________________________

(кол тамгасы)

"___" ____________________ 20__ ж.

Кол тамгалардын үлгүлөрүн билдиребиз, аларды эсеп боюнча операцияларды жүргүзүүдө милдеттүү деп эсептөөнү өтүнөбүз.

арткы жагы

Атайын эсептин ээси ________________________________
_______________________________________________________________________________
______________________________________________________________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, саясий партиянын/региондук (аймактык) бөлүмүнүн толук  аталышы)

Эсептин № _______________________________________________________

(атайын эсептин номери)

_______________________________________________ _____________________

(талапкердин, талапкердин/саясий партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты-жөнү)

(кол тамгасынын үлгүсү)

"___" ________________ 20__ ж.

_______________________________________________ _____________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү., саясий партиянын/региондук (аймактык) бөлүмүнүн жетекчисинин фамилиясы, аты-жөнү)

(кол тамгасы)

М.О.